Макулдашылды
Биринчи Май райондук
өзгөчө кырдаалдар бөлүмүнүн башчысы

подполковник Ө. Чоконбаев
"____"____________2024

БЕКИТЕМ
И.Раззаков атындагы
КМТУнун ректору

Чыныбаев М.К
__________2024

# Нускама
# өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндө
# Компьютердик класстар үчүн.

## 1.Жалпы жоболор

1.1. Бул компьютердик класстагы өрт коопсуздугунун чаралары жөнүндө нускама (мындан ары — нускама). "Өрт коопсуздугу жөнүндө" мыйзамга, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 22-августундагы № 381- "Ишканалар, уюмдар, мекемелер жана турак жай фонддору үчүн өрт коопсуздугунун эрежелери"токтомуна ылайык иштелип чыккан.

1.2. Университеттин бардык кызматкерлери жана студенттери университеттин имараттарында жана аймагында өрт коопсуздугунун эрежелерин билүүгө жана так сактоого милдеттүү.

1.3. Компьютердик класста өрт коопсуздугу үчүн жооптуу адам түзүмдүк бөлүмдүн жетекчисинин буйругу менен дайындалат.

1.4. Өрт коопсуздугу үчүн жоопкер адамдын **милдеттери:**

- нускоолорду каттоо журналына жазуу менен нускоолорду өткөрүп турат:
-1-курска тапшырган студенттер үчүн сабактар башталаар алдында баштапкы нусколоону өткөрүүгө;
- кайталоо нускамасын-жарым жылда 1 жолудан кем эмес өткөрүп турууга;
-жылытуу приборлорунун, электр түзүлүштөрүнүн, техникалык жабдуулардын оң абалда экендигине көз салууга жана табылган бузулулууларды оңдоп четтетүү боюнча токтоосуз чараларды көрүүгө;
- жумуш орундарынын тазаланышына, жабдуулардын өчүрүлүшүнө көз салууга;
- өрт өчүрүү каражаттарын оң абалда турушуна жана керек учурда колдонууга дайыма даяр абалда кармоону камсыз кылууга.

1.5. Өрт коопсуздугунун талаптарын бузгандыгы үчүн жоопкерчилик белгиленген тартипте өрт коопсуздугун камсыз кылуу үчүн жооптуу болуп дайындалган адамга жана өз компетенциясынын чегинде кызмат адамдарына да жүктөлөт.

## 2. Класстарды күтүү

2.1. Компьютердик класстын көрүнүктүү жеринде "Өрт учурунда 101, 112 чал», жана "Өрт коопсуздугуна жоопкердин аты-жөнү" жазылган эскертме илинип турсун;
2.2. Компьютердик класстын бөлмөсү дайыма таза жана тыкан болушу керек;
2.3. Компьютердин жанындагы столдо ишке тиешеси жок буюмдарды коюуга тыюу салынат.
2.4. Жумуш орундарына өтмөктөрдүн туурасы 1 метрден кем болбошу керек;

- өзүнүн жана башка адамдардын өмүрүн коркунучка салбастан документтерди, материалдык баалуулуктарды эвакуациялоо жана алардын сакталышын камсыз кылуу чараларын көрсүн;
- чакырылган өрт өчүрүү бөлүмүнүн жолугушуусун уюштуруу.

4.2. түзүмдүк бөлүмдүн жетекчиси же өрт коопсуздугу үчүн жооптуу адам төмөнкүлөргө милдеттүү:
-өрт өчүрүү кызматы чакырылганын белгилеңиз, эгерде өрт өчүрүү кызматы келбесе,чакырууну кайтала;
-адамдарды эвакуациялоо жана материалдык баалулуктарды куткаруу жүргүзүлгөндүгүн текшер;
- зарыл болсо, имараттагы электр энергиясын өчүрүү үчүн көмөкчү электрикти чакыр;
-өрт өчүрүүгө байланышпаган жайларда бардык иштерди токтотуп жана өрттү өчүрүүгө катышпаган бардык адамдарды коопту зонадан тышкары чыгаруу;
-өрт өчүрүү бөлүмү келгенден кийин обьектин конструкциялык жана технологиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө өрт өчүрүүчү жетекчиге билдир.

**<u>Макулдашылды:</u>**

**АЧИ проректору** — **А.Т.Асиев**

**КТЭК жана жарандык коргонуу бөлүмүнүн башчысы** — **З.Т.Мусакожаев**

**КМТУнун профсоюз уюмунун төрайымы** — **А. А.Абылаева**

Башкы инженер — Т.И. Бейшекеев